**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**СУЗАК РАЙОНУ**
**БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**
**БАГЫШСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**БАГЫШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН VIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН XIII СЕССИЯСЫ**

# ТОКТОМ №13

**25-ноябрь 2025-жыл** **Октябрь айылы**

Багыш айыл өкмөтүнүн Беш-Бала айылындагы
Ж.Усенов көчөсүнүн №77 дарегинде жайгашкан
1232,5 чарчы метр жер аянтын
муниципалдык менчикке алуу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” мыйзамына ылайык, Багыш айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 17-ноябрындагы 01-26/2552 сандуу “Беш-Бала айылындагы Ж.Усенов көчөсүнүн №77 дарегинде жайгашкан 1232,5 чарчы метр жер аянтын муниципалдык менчикке алууга сессияда карап, макулдук берүү жөнүндө” кайрылуусун жана Багыш айылдык кеңешинин Агрардык саясат, өзгөчө кырдаалдар, экология, курулуш, архитектура жана коммуникациялар боюнча туруктуу комиссиянын протоколдук чечимин угуп жана талкуулап Багыш айылдык кеңешинин VIII-чакырылышынын XIII сессиясы токтом кылат:

1. Багыш айыл өкмөтүнүн Беш-Бала айылындагы Ж.Усенов көчөсүнүн №77 дарегинде жайгашкан жер аянты 1232,5 чарчы метр жер аянтын муниципалдык менчикке кабыл алууга макулдук берилсин.

2. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Багыш айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Түгөйбековго милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү Багыш айылдык кеңешинин Агрардык саясат, өзгөчө кырдаалдар, экология, курулуш, архитектура жана коммуникациялар боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы Ж.Сейдахматовго жүктөлсүн.

4. Токтом Багыш айыл өкмөтүнүн расмий сайтында жарыялангандан жана юстиция органдарынан каттоодон өткөрүлгөндөн тартып өз күчүнө кирет.

Төрага К.Кулмамбетов